# МАМЛЕКЕТТИК-ПАРТИЯЛЫК ИШМЕР И.РАЗЗАКОВДУН 100 ЖЫЛДЫК МААРЕКЕСИНЕ АРНАЛГАН «ӨМҮРҮ ӨРНӨК ИНСАНДАР» АТТУУ РЕСПУБЛИКАЛЫК ИЛИМИЙ-ПРАКТИКАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯНЫН МАКАЛАЛАРЫ

***Кулназаров А., Борсонов А., Таштанова А.***

## Кыргыз этносунун советтик доордо адаптацияланУУ өзгөчөлүктөрү

Советтик дооруу бир топ өзгөчөлүктөрүнө карабастан өзүнүн маңызы боюнча россиялык-европалык тарыхтын уландысы катары кароого болот. Кыргызстандын Россия империясына кошулушу цивилизациялык көз караштан алып караганда кыргыз этносун индустриалдык цивилизацияга кошуу болгон.

Россия мамлекети Борбордук Азиялык аймакты басып алуу менен бирге түрдүү көз караштагы жана ар тараптуу маданиятка ээ болгон элдердин кызыкчылыктары менен эсептешкиси келген эмес. Толук укуктук, саясий жана экономикалык унификация империянын андан аркы жашоосунун жана өз позициясын бекемдешинин зарыл шарты катары кызмат өтөгөн. Бирок бул унификация маданий негиздерди өзгөрткөндө гана ишке ашышы мүмкүн эле. Кыргыз этносун салттуулукту четке каккан, индустриалдык, урбанисттик өнүгүүгө багытталган россиялык маданиятка ассимиляциялоо орус мамлекетинин алдындагы зарыл маселелердин бири болгон.

Падышалык администрация кыргыз трайбализмине каршы иштерди жүргүзүп, уруулук бөлүнүүнүн ордуна башкаруунун жаңы формаларын киргизген, ошол эле учурда капиталисттик өндүрүштүн элементтерин жайылта баштаган. Кыргызстандын Россияга кошулушу менен көчмөн жана жарым көчмөн кыргыз эли отурукташууга аракет жасай баштаган. XIX кылымдын аягынан тартып чарбачылыкта капиталисттик түзүлүш орногон жана алгачкы жалданма жумушчулар пайда болгон. Кыргызстанда бардык эле феодалдык өлкөлөрдөгүдөй букаралар көбөйгөн. Капитализмдин орун алышы мурунку феодалдык натуралдык чарбачылыкты бузуп, экономикалык байлыктарды күчөткөн, бирок анын натыйжасында аймактар бириге баштаган.

Ассимилятордук саясатты ийгиликтүү жүргүзүү үчүн падышачылык Россия келгиндерге бардык зарыл шарттарды түзүп берүүгө аракет жасаган. 1916-жылы Пржевальск уездинде орустар менен украиндер калктын 24 % түзүп, алар эгин талааларынын 67%ына ээ болгон. Жергиликтүү калктын жерге ээ болууга, аны башкаларга сатууга акысы болгон эмес. Жерди пайдаланууга гана укуктуу болгон кыргыз эли өздөрүнүн жери менен бирге маданиятынын да маанилүү элементтерин жоготууга дуушар болгон.

Орус маданиятынын кыргыз жергесине кеңири жайылышы менен бирге этностук маданиятыбыздын негиздери трансформациялана баштаган. Бул өзгөрүүлөрдүн коркунучтуулугу жөнүндө акын-заманчылар өз эмгектеринде кеңири чагылдырышкан. Өзгөрүп жаткан маданий процесстер «Зар заман», «Тар заман», «Акыр заман» сыяктуу эмгектерде ачык-айкын берилген[1].

Маданий өзгөрүүлөр өтө тездик менен өнүккөндүгүнө байланыштуу ага ыңгайлашууга убакыт аз болуп, көп кыйынчылыктар пайда болгон. Салттуу маданияттын өкүлдөрүнүн психологиясына орус элинин маданиятынын көптөгөн баалуулуктары жат болгон.

Түрдүү шарттарга ылайык, ортодоксалдык-коммунисттик ишеним белгилүү тарыхый мезгилде орус мамлекетин сактап калууга жана аны өнүктүрүүгө ыңгайлуу өбөлгө түзгөн.

[1] Кара: Арстанбек. Время неволи // Народное творчество, 1937.№7; Молдо Кылыч.Казалдар.-Фрунзе, 1991; Барпы. Чыгармаларынын бир томдук жыйнагы.-Фрунзе: Кыргызстан, 1970.

Мындай кырдаалда мамлекеттин расмий идеологиясы катары марксисттик идеология кабыл алынган. Анткени бул идеология этникалык эмес, таптык башатка, интернационалдык принципке негизделген. Этногенезинин жана тарыхынын өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу кыргыз этносуна интернационалдык мүнөздөгү принциптер, теңдикке негизделген ишеним жакын болгон.

Кыргыз жана орус этносторунун белгилүү цивилизациялык жакындыгы кыргыздардын жаңы маданий шарттарга ыңгайлашуу процессин тездеткен, анткени индустриалдык державанын таасири астында турмуштук кырдаалдар тез өзгөрүп турган. Советтик мамлекетте жеке менчик институтунун жоюлушу жана өндүрүш каражаттарын жалпылаштыруу көптөгөн оң натыйжаларга алып келген.

Көчмөн кыргыз этносу экстенсивдүү мүнөздөгү чарбалык ишмердүүлүгүн жүргүзүү менен бирге ар дайым чоң, кеңири мейкиндикке муктаж болгон. Аталган кырдаал өзгөчө психологиялык мүнөздү калыптандырган. Бул жагдайда Ф. Хайек мындай пикирди айткан: «Номаддык жашоо образы эмгектин ыктыярдуу адистиштирилишине жана бөлүнүшүнө тоскоолдук көрсөткөн, ошондой эле бул жагдай болгон ресурстарды натыйжалуу пайдаланууга, ошондой эле эмгектин кирешелүү болушуна, алмашуу механизмдерин өнүктүрүүгө терс таасирин тийгизген[1]».

Бердяевдин пикири боюнча европалык адамдын аймагы кең эмес болгонуна байланыштуу анын ички дүйнөсү да тар болуп, ал өзүнүн интенсивдүү энергиясына жана активдүүлүгүнө таянган. Европалык адамдын бардык убактысы жана иштери өтө так эсептелип бөлүнгөн[2]. Кыргыз этносу орустар сыяктуу чексиз мейкиндикке ээ болуп, психологиялык, ошондой эле типологиялык жактан орус калкына жакын турган.

Көчмөн жашоо образы табигый шарттарга ыңгайлашуу, теңдик, коллективдүү жоопкерчилик, жалпы коллективдин кызыкчылыгын биринчи орунга коюу сыяктуу мүнөздөрдүн калыптанышына өбөлгө түзгөн. Кыргыздардын салттуу чөйрөсүндө коллективдүү рухтун калыптанып, бекемделишине климаттык катаал шарттар да чоң таасирин тийгизген. С.М. Абрамзон мындай пикирди айткан: «Некоторые домашние работы, требуюүие коллективного труда, как изготовление войлока, войлочного или ворсового ковра, поочередное предоставление всеми семьями молока для заготовки впрок молочных продуктов одной хозяйке и другие, часто производились сообүа родственными семьями. Нам не раз доводилось присутствовать при коллективной работе по устройству глинобитных стен и крыши нового дома, имевшей характер «помочей» (ашар)[3]».

Мүлктүк белгиси боюнча негизги масса бири-биринен көп деле айырмаланбагандыктан жаңы экономикалык жана социалдык-саясий шарттарга кыргыз этносу оңой эле ыңгайлашкан. Андан тышкары өлкөнүн калкынын тоталитардык башкаруу доорунда коммунисттик коллективдүү моралга таянышы да кыргыз этносунун жаңы шарттарга оңой ыңгайланышына жардам берген. Ал эми кыргыз этносунун көптөгөн салттуу баалуулуктары коомдук бытиенин коммунисттик принциптерине карама-каршы турбастан, ага ылайык келген.

Бирок кыргыз этносу үчүн советтик доор проблемасыз эле өткөн деп айтууга болбойт. Ал доорлордо советтик мамлекет тарабынан социалдык-таптык жана идеологиялык белгилери боюнча тазалоолор, репрессиялар жүргүзүлгөндүгү белгилүү.

Кыргыздардын негизги массасы советтик саясий режимге жана чарбалык системага эч кандай коркунуч келтирген эмес. Андан тышкары алар үчүн кыргыз этносунун диний көз караштары деле зыянсыз болгон. Кыргыз эли көп деле ислам динине берилбегендигин Б.Аманалиевдин, М.Ауэзовдун, Б.Жамгырчиновдун эмгектери далилдеп турат. Кыргыз элинин совет доорундагы тагдырынын аныктоочу фактору болуп Россиянын жогорку коомдук жана социалдык-экономикалык тепкичте турушун кароого болот. Россия мамлекети улуттук

[1] Хайек Ф.А. Пагубная самонадеянность. Ошибки социализма.-М., 1992. – 59-б.
[2] Бердяев Н.А. Судьба России. – М., 1990. – 61-б.
[3] Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. – Фрунзе, 1990. – 208-б.

республикалардын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүн жогорулатуу аркылуу алардын саясий ишенимдүүлүгүн камсыздоого аракет жасаган. Совет мамлекетинин идеологдорунун жана жетекчилеринин пикири боюнча аккультурация менен ассимиляция процесстери социалдык-экономикалык карама-каршылыктарды жана чыр-чатактарды жойгон социалдык бирдикти негиздегенде гана ийгиликтүү натыйжаларга алып келмек.

Өздөрүнүн өнүгүүсүнүн уруу-уруктук баскычынан жогору көтөрүлүү үчүн кыргыз этносу кыска убакыттын ичинде отурукташкан формага өтүп, өз мамлекетин түзүшү зарыл болгон. Аталган эки процесс тең совет мезгилинде ишке ашкан. Кайра жаралган кыргыз мамлекети биздин ата-бабаларыбыз түзүп калыптандырган мамлекеттен олуттуу түрдө айырмаланган. Кыргыздар биринчи жолу өз мамлекетин отурукташкан формада, жаңы социалдык-саясий, ошондой эле укуктук негизде реконструкциялашкан.

Кыргызстандын Россияга кошулушу элибиздин тарыхында зор тарыхый мааниге ээ болгон. Россия империясынын Кыргызстандын аймагына кошулушу менен маданий мейкиндикте олуттуу трансформация жүргөн. Тарыхый өнүгүүнүн советтик доору падышалык Россиядан бир топ айырмаланып тургандыгына карабастан, аны россиялык-европалык тарыхтын уландысы катары кароого болот. Аны индустриалдык цивилизациянын салттуу кыргыз коомун кайра түзүүгө болгон аракети иретинде түшүндүрүүгө болот. Борбордук-азиялык аймакты өзүнө кошуп алгандан кийин россиялык мамлекет калкыбыздын кызыкчылыктарын эске алган эмес. Маданий көрүнүштөр өтө тездик менен өзгөргөндүгүнө байланыштуу адамдар мындай процесстерге дароо ыңгайлаша алышпаган. Салттуу маданияттын өкүлдөрүнүн психологиясына орус элинин маданий баалуулуктарынын элементтери, ошондой эле алардын жашоо интенсивдүүлүгү жат көрүнүш болгон.

Империянын андан ары жашоосунун жана бекемделишинин зарыл шарты болуп укуктук, саясий жана экономикалык унификация эсептелген. Бирок мындай унификация элдин маданиятын эске алуусуз жүрбөйт эле.

Салттуу кыргыз коому олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болуп, жаңы катмарлар, ошондой эле таптар (класстар) пайда болгон. Кыргыз интеллигенциясы жана бюрократия калыптанган, аларсыз мамлекеттик түзүлүш, ошондой эле мамлекеттин нормалдуу ишмердүүлүгү мүмкүн эмес эле. Билим берүү, медициналык камсыздоо системасы түзүлүп, өнүккөн. Ошентип, нечендеген кылымдар бою максат катары белгиленип келген иш-чаралар тез арада турмушка ашкан. Бирок советтик модернизация аягына чыкпаган мүнөзгө ээ болгон. Советтик социалдык-саясий жана экономикалык системага мүнөздүү болгон мамлекеттик патернализм, кыргыздардын көпчүлүк бөлүгүнүн айыл жергесинде топтолушу кыргыз чөйрөсүндө салттуу укладдын консервацияланышына өбөлгө түзгөн. Бул жагдай сөзсүз түрдө психологиялык типке да өз таасирин тийгизген. Калкыбыз негизинен айыл-кыштактарда жашагандыгына байланыштуу өнөр жай өндүрүшүнө алардын көнүшү бир топ кыйынчылыктар менен коштолгон. Мындай шартта шаардык өнөр жай маданиятына ыңгайлашуу да бир топ проблемаларды жараткан. Ошону менен бирге белгилей кетүүчү жагдай, салттуу жашоо образын тутунуу кыргыз этносунунун жана анын маданиятынын ассимиляциялашуу процессин кыйындаткан.

Демек, совет мезгилинде кыргыздардын маданиятында кардиналдуу өзгөрүүлөр болуп өткөн. Элдер бир нече ондогон жылдар ичинде отурукташкан жашоо формасына өтүшкөн. Чарбалык комплекс түзүлгөн. Кыргыздардын бир бөлүгү шаардык турмуш образына өткөн. Ал шартка ылайык кыргыз этносунун психологиясы да өзгөрүүгө дуушар болгон. Совет мамлекети өзүнүн өнүгүүсүндө негизги дүйнөлүк тенденциялар жана өз ара байланышкан, ошондой эле бири-бирин толуктап турган үч процесс - урбанизация, өлкөнү индустриалдаштыруу, илимдин жана техниканын өнүгүшү менен аныкталган багытты тандап алган. Бул процесстер максаттуу түрдө ишке ашкан. Ааламдашуу процесси да ушул багытта жүрөт. Демек, кыргыз этносунун тарыхындагы советтик доорду ааламдашуу процессине карата даярдык катары кароого болот. Бирок аталган модернизациялаштыруу аягына чыккан

эмес. Андан тышкары советтик социалдык-саясий жана экономикалык системага мүнөздүү мамлекеттик патернализм, ошондой эле кыргыз элинин көпчүлүк бөлүгүнүн айыл жергесинде жайгашышы кыргыз чөйрөсүндө салттуу түзүлүштүн сакталып калышына өбөлгө түзгөн. Бул жагдай кыргыздарды өнөр жай өндүрүшүнө, аны менен кошо шаардык өнөр жай маданиятына тартууга жолтоо болгон. Ошондой эле коомдук турмуштун салттуу формаларын колдоо кыргыз этносунун жана анын маданиятынын ассимиляция процессин кечеңдеткен.

***Адабияттар***


1. *Абдрасулов С.М.* Введение в философию номадов, или опыт философского осмысления культурных оснований кыргызов // Республика, 1995. 10 октября.
2. *Алтмышбаев А.А.* Очерк истории развития обүественно-политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии. – Фрунзе, 1985.
3. *Аманалиев Б.* Из истории философской мысли киргизского народа. – Фрунзе, 1971.
4. *Аманалиев К.Б.* Социально-философский анализ патернализма. Диссер. … канд. филос. наук. – Бишкек, 1996.
5. *Андреева Г.М.* Психология познания. – М., 1999.
6. *Бердяев Н.А.* Истоки и смысл русского коммунизма. – М., 1990.
7. *Бердяев Н.А.* Судьба России. – М., 1990.
8. *Бердяев Н.А.* Философия свободы. – М., 1989.
9. *Дукенбаев А., Танырыков В.* Политико-административные отношения в Кыргызстане и Центральной Азии. / Политико-административные отношения: кто стоит у власти? Под ред. Т. Верхейна. – М.: Права человека, 2001.
10. *Жоробеков Ж.* Этнодемографические процессы в Кыргызстане (вчера, сегодня, завтра). – Бишкек, 1997.
11. *Жумаганбетов Т.С.* Проблемы формирования и развития древнетюркской системы государственности и права VI–XII вв. Автореф. дисс. … д-ра юрид. наук. – Алматы, 2004.
12. *Жумагулов М.* Онтология экологической этики. – Бишкек, 2010.
13. *Конев В. А.* Онтология культуры. – Самара, 1998.
14. *Мукамбаева Г.А.* Манас и право. – Бишкек, 2003.
15. *Мукасов С.М.* Традиции социально-философской мысли в духовной культуре кыргызского народа. – Бишкек: Илим, 1999.
16. *Пахтер М., Лендри Ч.* Культура на перепутье. – М., 2001.
17. *Печчеи А.* Человеческие качества. – М., 1985.
18. *Сорос Дж.* Тезисы о глобализации // Вестник Европы, 2001. – № 2.
19. *Стамова Р.Д.* Личность в современном Кыргызстане. – Бишкек, 2008.


* * *